# Аллах каалады жана баланча каалады" деп айтпагыла. Анын ордунда: "Аллах каалады андан кийин баланча каалады" - дегиле

Хузайфанын (ага Аллах ыраазы болсун) риваятында, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Аллах каалады жана баланча каалады" деп айтпагыла. Анын ордунда: "Аллах каалады андан кийин баланча каалады" - дегиле".

[Сахих бимажмуъи тарикихи (бардык тарабынан ишенимдүү хадис)] [Абу Дауд менен ан-Насааи "Ал-Кубро" китебинде жазып калтырган жана Ахмад дагы жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулман адамды: "Аллах каалады жана баланча каалады" деп айтуудан тыйган. Же Аллах жана баланча каалады деп айтуудан; Мунун себеби, Аллахтын каалоосу жана каалоосун ишке ашыруусу абсолюттук түрдө Анын Өзүнө гана тиешелүү, ага эч ким шерик боло албайт. Жана деген маанини билдирген (Вав) байламтасын колдонгондо, кимдир бирөөнүн Аллахка шерик болгону жана Аны менен бирдей болуп калды деген маани туюунулат. Тескерсинче: Аллах каалады, кийин баланча каалады деп айтуу керек. "Вав" деген тамаганын ордуна кийин деген маанини билдирген "сумма" деген тамганы колдонсо, пенденин каалоосу Аллахтын каалоосунан кийин болгонун билдирет, анткени "сумма" бир иштин экинчи иштен бираздан кийин (дароо эмес) болгонун туюндурат.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee